7.ГАРФ. Ф.Р-9478. Оп.1. Д.284. Л.20–21.
8.См.: 75 лет без войны. Смоленская область. Цифры и факты: Юбилейный статистический сборник, посвящённый 75-летию Победы в Великой Отечественной войне. Смоленск, 2020. С. 28; 9 мая — День Победы // Смоленскстат (официальный сайт территориального органа Федеральной службы государственной статистики по Смоленской обл.). 2021. 6 мая. https://sml.gks.ru/news/document/121980.
9.Кара.: *Фёдорова Л.* Хатыни Смоленщины и немецко-фашистский геноцид // Завтра. ру. 2018. 22 июля.
10.Государственный архив Смоленской области (ГА СО). Ф. Р-1630. Оп. 2. Д. 29, 202; Без срока давности… С. 50.
11.ЦА ФСБ России. Д. № Н-17683. Т. 2. Л. 93; см.: *Овидин Д.Ю.* Указ. Соч.
12.Государственный архив новейшей истории Смоленской области (ГАНИ СО). Ф. Р-73. Оп. 2. Д. 11. Л. 32—34; Без срока давности… С. 46.
13.ГА СО. Ф. Р-2434. Оп. 3. Д. 38. Т. 5. Л. 38; *Курбатова П.О.* О злодеяниях немецко-фашистских захватчиков на Смоленщине. С. 7; Без срока давности… С. 47.
14.Из отчёта секретаря Руднянского районного комитета ВКП(б) А.А. Елисеева в Смоленский областной комитет ВКП(б) о сожжении деревень и расстрелах жителей в населённых пунктах Руднянского района // Без срока давности… С. 83.
15.Из докладной записки начальника Управления НКВД по Смоленской области П.П. Кондакова заместителю наркома внутренних дел СССР В.Н. Меркулову о расстрелах мирного населения в Демидовском, Слободском и Велижском района. 19 июня 1942 г. // Там же. С. 81.
16.ГА СО. Ф. Р-9. Оп. 1. Д. 6. Л. 18; Книга памяти. Т. 4. Дополнительный. С. 374; Без срока давности… С. 46.
17.Смоленские Хатыни // Рабочий путь. 2009. 22 июля; Без срока давности… С. 49, 50.

УДК: 321.1 (575.2)

**Амирбек кызы Гулбарчын**
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окутуучусу
**Беделбаев Аскарбек,** тарых илимдеринин кандидаты, проф.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окутуучусу

## СССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН КЫРГЫЗ ФИЛИАЛЫНЫН АЧЫЛЫШЫ ЖАНА ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ (1943-1950-ЖЖ.)

**Амирбек кызы Гулбарчын**
Преподаватель Кыргызского национального университета им.Ж. Баласагына
**Бедельбаев Аскарбек,** канд. ист. наук, проф.
Кыргызского национального университета им.Ж. Баласагына

## ОТКРЫТИЕ И ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ КЫРГЫЗСКОГО ФИЛИАЛА АКАДЕМИИ НАУК СССР (1943-1950 ГГ.)

**Amirbek kyzy Gulbarchyn**
Teacher of the Kyrgyz National University named after J.Balasagyn
**Bedelbaev Askarbek,**
candidaite of historical sciences, prof. Kyrgyz National University named after Zh. Balasagyn

## OPENING AND ACTIVITIES OF THE KYRGYZ BRANCH OF THE USSR ACADEMY OF SCIENCES (1943-1950)

**Аннотация.** Макалада Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде Кыргызстанда СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын ачылуусунун өбөлгөлөрү каралды. КирФАНдын ишмердүүлүгүнө жана анда жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөргө өзгөчө көңүл бурулду. Кыргыз илиминин өнүгүшүнө, илимий кадрлардын түптөлүшүнө,республиканын саясий,

социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүшүнө филиалдын кошкон салымынын мааниси чагылдырылды.

**Негизги сөздөр:** СССР Илимдер академиясы, Кыргыз филиал, Улуу Ата Мекендик согуш, токтом, илим, окумуштуу, академик, Совнарком, Президиум, Эл Комиссарлар Совети (ЭКС), КП(б) БК.

**Аннотация:** В статье рассматривается предпосылки открытия кыргызского филиала Академии наук СССР в Кыргызстане в годы Великой Отечественной войны. Особое внимание уделено организационной работе КирФАНа, а также изучению его вклада в развитие кыргызской науки и формированию научных кадров.

**Ключевые слова:** Академия наук СССР, Кыргызский филиал, Совнарком, Президиум, Совет Народных Комиссаров (СНК), ЦК КП(б), Великая Отечественная война, постановление, наука, ученый, академик.

**Resume.** The article examines the prerequisites for the opening of the Kyrgyz branch of the USSR Academy of Sciences in Kyrgyzstan during the Great Patriotic War. Special attention is paid to the organizational work of KirFAN, as well as the study of its contribution to the development of Kyrgyz science and the formation of scientific personnel

**Key words:** USSR Academy of Sciences, Kyrgyz branch, Council of People's Commissars, Presidium, Council of People's Commissars (SNK), CP (b) Central Committee, Great Patriotic War, decree, science, scientist, academician.

2023-жылы Кыргызстандын илимий коомчулугу республиканын Илимдер академиясынын түзүлгөндүгүнүн 80 жылдыгы белгиленсе, быйыл Тарых институтунун түптөлүшүнүн 90 жылдыгы белгиленип жатат. Кыргызстандын Илимдер академиясынын тарыхы өткөн кылымдан башталат. Кыргызстандын элин интеллектуалдык тарбиялоодо СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалынын ачылышы улуттук масштабдагы маанилүү окуя болгон. Советтик Кыргызстандын илиминин калыптанышы, өнүгүшү жана илимий изилдөөлөрүнүн өнүгүшү К.К.Каракеевдин [3,4] ,С.К. Керимбаевдин [5], Б.Н.Нурманбетовдун [9], В.М. Петровецтин [10], жана башкалардын эмгектеринде чагылдырылат.

Кыргызстанда илимий мекемелердин ачылышын жана ишмердүүлүгүн изилдөө актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Бул багыттан алганда өзгөчө орунда Ата Мекендик согуш мезгилинде СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын ачылышы турат. Анын түптөлүшү кыргыз илиминин өнүгүшүнө, илимий кадрларды даярдоого жана республиканын саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүшүнө зор салым кошкон. Ошондой эле Россиянын борборунан көрүнүктүү окумуштуулар менен чыгармачыл инсандардын эвакуацияланып келиши Кыргызстандын илиминин өнүгүшүнө, элибиздин коомдук аң-сезиминин бир кыйла жогорулашына алып келген. Согушта жеңишке жетүүбүздө илим чоң мааниге ээ болгон. Өз кезегинде кыргыз окумуштуулары менен илимий кызматкерлери да фашизмге каршы күрөшкө салым кошушкан. Кыргызстандын илими бир кыйла тепкичке жогорулап, кадрдык түзүмү чыңдалган. Кыргызстанда СССР Илимдер академиясынын филиалынын ачылышы кыргыз илиминин өнүгүшүнө негиз салган.

Согуш өлкөдөгү илимий мекемелердин өнүгүшүн токтото алган эмес жана маанилүү изилдөөлөр дайыма жүргүзүлүп турган. СССР ЭКСтин 1943-жылдын 5-январдагы Фрунзе шаарында көчүрүлүп келинген институттардын жана республикалык илимий-изилдөө мекемелердин базасында СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалын ачуу жөнүндөгү чечими республикада илим-изилдөө иштеринин өнүгүшүнө чоң өбөлгө түзгөн. [5, 163-б.] Алгач Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети жана Кыргызстандын Эл комиссарлар Совети 1938-жылы СССРдин Илимдер академиясынын Президиумуна СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалын ачуу өтүнүчү менен кайрылган. [10, 65-б.] Кыргыз ССРнин Эл Комиссарлар Совети жана КП(б) БК Фрунзе шаарында 1940-жылдын 17-мартында "СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалын ачуу" боюнча №315 токтом кабыл алган. [6, л.1] Үчүнчү беш жылдык пландын

(1938-1942-жж.) максаты өлкөдө илимди өнүктүрүүдө улуттук кадрларды даярдоо болгон. СССР Илимдер академиясынын Кыргызстанда филиалын ачуунун мүмкүнчүлүктөрүн билүү үчүн 1940-жылы март айында атайын комиссия түзүлүп, төрагалыгына академик С.Г. Струмилина дайындалган. Комиссия Кыргызстандагы илимий-изилдөө иштеринин абалы менен таанышкан. Материалдык базанын, квалификациялык адистердин жетишерлик деңгээлде экендигин жана илимий мекемелердин бир катар ийгиликтүү иш жүргүзүп жаткандыгын эске алып, СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалын ачууну билдирген.

Советтер Союзунун өкмөтү жана Илимдер академиясы да бул сунушту четке каккан эмес. Бирок согуштун биринчи жылдары оор болгондуктан, бул маселе 1943-жылга чейин артка жылдырылып турган. Бирок ушул мезгилдин аралыгында Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин алдындагы Илимий комитет СССР Илимдер Академиясынын филиалынын кызматын аткарып келген. [4, 29-30-бб.] СССР ЭКС 1943-жылдын 5-январында СССР Илимдер академиясынын Президиумуна Кыргыз Эл комиссарлар Советине Фрунзе шаарына көчүрүлүп келинген институттардын жана республикалык илимий-изилдөө мекемелердин базасында СССР Илимдер академиясынын Кыргызстандагы филиалын ачуу жөнүндө №8 токтомун чыгарат. [8, 5-б.] СССР Илимдер академиясынын Президиумунун чечими менен филиалдын ачылышын даярдоо үчүн атайын комиссия түзүлүп, анын төрагалыгына академик А.Н. Бах шайланган. Бул комиссиянын курамына белгилүү советтик окумуштуулар, академиктер А.А.Борисяк жана Я.М. Завадский, СССР Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденттери Д.М. Наливкин, Х.С. Коштоянц ,С.Е. Малов жана илимий катчы Б.Н. Митрейкин кирген. [10,67-68-бб.] 1943-жылы апрель айынын орто ченинде комиссия өз ишин жыйынтыктаган. 1943-жылы 21–23- июнда СССР Илимдер академиясынын Президиумунда Кыргыз филиалынын түзүмү, Президиумдун курамы,анын төрагасы жана орун басары, филиалдын кеңеши, институттун 153 штаттык түзүмү жана жобосу бекитилген. [7, л.1-28] 1943-жылы 15-июнда ЭКС жана Кыргызстандын Коммунистик партиясынын Борбордук Комитетинин № 256/1 токтомунун негизинде филиалдын төрагалыгына академик К. И. Скрябин, биринчи орун басарлыгына Ж. Шүкүров, экинчи орун басарлыгына В. Массино, Тил, адабият жана тарых институтунун директорлугуна А.Токомбаев, Геология институтунун директорлугуна П.К. Чихачев, Химия институтунун директорлугуна В.П. Вендт, Биология институтунун лабораториясынын башчылыгына А.А. Любищев, Биология институтунун лабораториясынын тайпалык башчылыгына И.В. Выходцев, окумуштуу катчылыгына профессор П. В. Власенко шайланган. [8, 6-б.]

Филиалдын ачылышынын салтанаттуу жыйыны И.В.Панфилов атындагы сейил багында 1943-жылы 13-августта болгон. Ачылуу иш-чарасына СССРдин Илимдер академиясынын президенти академик В.Л.Комаров, көрүнүктүү советтик окумуштуулар-академиктер А.Н.Бах, А.А. Борисяк, И.И.Мещанинов, мүчө-корреспонденттер С.Е.Малов, В.М.Жирмунский, профессор В.А. Энгельгардт, Б.Г. Массино, партиялык жана мамлекеттик ишмерлер ж.б. катышкан. [4, 32-б.] СССРдин Илимдер академиясынын президенти академик В.Л.Комаров өз сөзүндө “Мылтыктын үнү биздин өлкөдө илимдин үнүн чөктүрө албайт, аларга каршы илим биздин окумуштууларды патриоттуулукка, социалисттик мекен алдындагы кызмат кылууга дем берип турат. Кыргыз филиалы- республикадагы илимий ойлордун борбору болушу мүмкүн, мындан аркы экономикалык жана маданий деңгээлинин жогорулашына, кыргыз окумуштууларынын да жалпы Советтер Союзунун илиминин казынасынын байышына салым кошуусу көбөйөт ”- деп баса белгилеп кеткен. [11, 16-б.]

СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын ачылуусу Коммунисттик партиянын, Совет өкмөтүнүн улуттук республикалардын илиминин өнүгүүсүнө кам көргөндүгүнүн ачык-айкын далили болду. Жогорку органдардын чечими менен СССРдин Илимдер академиясынын Биологиялык бөлүмү көчүрүлүп келинген.СССР Илимдер академиясынын Кыргызстандагы Биология бөлүмүнүн курамына төрт институт: геология, биология,химия жана тил, адабият жана тарых институту, бирдиктүү 8 сектор, 17 лаборатория, экономика-географиялык

топ, Ботаникалык бак, Улуттук маданий музей жана илимий китепкана кирген. [5, 163-б.] Геологиялык институт өз ичинен сымап, сурьма, минералдык тоют топторуна, ал эми биология иститутy болсо ботаникалык, зоологиялык бөлүм болуп, химия инстутуту бир нече лабораторияларга органикалык эмес, органикалык, аналитикалык, физикалык химия болуп, тил, адабият жана тарых институту болсо тарых, тил, адабият, фольклор секторлоруна бөлүнгөн. [7, л.2] Алар Кыргызстандын илим-изилдөө мекемелери менен бирдикте согуштук жана экономикалык маанидеги маанилүү изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн.

Филиал ачылган күндөн тарта аз убакытта маанилүү тапшырма катары жергиликтүү илимий кадрларды биринчи жумуш орундары менен камсыздоону алдына койгон. Бул болсо кыргыз илиминин өнүгүшүнө жол ачкан. Филиалда жалпы 158 илимий кызматкер, анын ичинде СССР Илимдер академиясынын бир академиги, бир мүчө-корреспонденти, 12 илимдин доктору, 22 илимдин кандидаттары жана 50 кенже илимий кызматкерлери эмгектене баштаган. [9, 103-б.] Филиал өзүнүн бардык иштерин Кыргызстандын ресурстарын өлкөнү коргоо муктаждыктарына жумшоо багытында жүргүзгөн. 1 жылдын ичинде эле Кыргыз филиалы 19 илимий экспедиция : 7 геологиялык, 8 биологиялык, 1 химиялык, 2 археологиялык жана 1 фольклордук экспедиция уюштурган. Геологдор согуштук маанидеги кен байлыктарды изилдеп табууда көп иштерди аткарышкан. Аз гана убакыттын аралыгында геологиялык изилдөөлөр жыйынтыгын көрсөтө баштаган. 1944-жылы геологиялык жана гидрогеологиялык Кыргызстандын картасын түзүшкөн жана түштүк Кыргызстандагы геологиялык каттоону бүтүрүү жана бир катар актуалдуу суроолордун үстүндө иштешкен. Геолог В.И. Смирновдун жетекчилиги астында сымаптын корун кеңейтүү үчүн чоң иштерди жүргүзгөн. Жергиликтүү жаш илимий кадрлардын адистигин жогорулатуу максатында Кыргызпединститутунун жогорку курсунун студенттерин геологиялык изилдөөлөргө кызыктыра башташкан. [3, 34-б.] Окумуштуу В.А. Николаев жетектеген топтун мүчөлөрү Д.И.Яковлев, В.Н. Огнев, П.К. Чихачев, О.И. Некрасовдор 1941-1944-жж. 321 экспедиция уюштурушуп, 110 түстүү металлдын, 71 көмүр, нефть, 8 металл кендерин аныкташкан. Натыйжада республикада 20 пайдалуу кендер ачылган. Кыргызстанда табылган сымап, сурьма, вольфрам ж. б. сейрек кездешүүчү кендер стратегиялык чоң мааниге ээ болгон. [1, 115-116-бб.]

Согуш учурунда шарттын жоктугунан улам адамдардын организминде белок менен май жетишсиздигинен ар кандай оорулар чыга баштаган. Ошол мезгилде С витаминине (аскорбин кислотасы) талап күч болгон. Ушул шартта биохимия жана микробиология институтунун академиги А.Н.Бах жетектеген топ С витаминин Жалал-Абаддагы Арсланбап токоюндагы грек жаңгагынан алууну сунуш кылышкан. Ошентип, Жалал-Абадда жылына 500 млн. адамга жетээрлик С витаминин чыгаруучу завод курулуп, ишке кирген. Бул жерде 15-июндан 15-июлга чейин жылына жаңгак менен ит мурун өсүмдүгү чогултулган. Заводдон чыгарылган сырье согуш мезгилинде аскердик госпиталдарда, бейтапканаларда жана үй шартында жаш балдардын иммунитетин көтөрүүдө, адамдарга күч берүүдө кеңири колдонулган. [5, 162-б.]

Н. Сытый жетектеген химия институту жардыруу иштеринин жаңы ыкмасын иштеп чыккан. Өлкөдөн чыккан минералдык сырьелордун, туз, көмүр жана сейрек кездешүүчү металлдардын физикалык жана химиялык өзгөчөлүктөрүн изилдешкен. Биологиялык институт Ботаникалык бакты келечекте кеңейтүү иштерин, "Кыргыз ССРнин флорасы" деген эмгекти түзүү боюнча материалдарды даярдоо иштерин, ал эми институттун зоология сектору айыл-чарбасында зыянкечтер менен күрөшүү чараларын жана кой жана уйлардын физиологиялык өзгөчөлүктөрүн бийик тоолуу шарттарда багуу боюнча эксперименталдык иштерди жүргүзүшкөн жана 2 млн. гектардан ашуун тоолуу жайыт жерлерге көзөмөл жүргүзүлүп, геоботаникалык сүрөттөө боюнча карта түзүшкөн. [2,555-б.] Коомдук илимдердин өкүлдөрү аскердик-патриоттуулук, Ата Мекенди коргоо, пролетардык интернационализм, согуштун маңызы, мааниси боюнча изилдөөлөрдү, түшүндүрүү иштерин алып барган. Тил, адабият жана тарых институтунун негизги изилдөөлөрү кыргыз тилинин

орфографиясы жана синтаксисин изилдөөгө, "Манас" эпосунун мазмунуна анализ жүргүзүүгө жана Кыргызстан тарыхы боюнча окуу куралдарын жана монографияларды жазууга багытталган. Улуу Ата Мекендик согуштун тарыхы боюнча документтерди жана материалдарды чогултуу жана басууга даярдоо боюнча атайын комиссия түзүлгөн. Анын планына ылайык, 1943-жылы А.Н. Бернштамдын «Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы Кыргызстандын тарыхы боюнча материалдар» китепчеси жарыкка чыккан. Согуш мезгилинин акыркы жылдарында, 1944-ж. К.Х. Карасаев, Д.Ш. Шүкүров, К. Юдахиндин редакциясы менен 40 миң сөздөн турган биринчи «Орусча-кыргызча сөздүк» басылып чыккан. Бул сөздүк азыркы күнгө чейин актуалдуулугун жоготпой, кеңири колдонулуп келет. И.А. Батмановдун жетекчилиги менен кыргыз тилинин илимий грамматикасы иштелип чыккан. 1945-жылы К.Х. Карасаевдин жетекчили менен кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүн жазуу иши башталган. «Манас» эпосунун ар кандай варианттарын чогултуу жана изилдөө боюнча иштер улантылган. [10, 90-91-бб.]

Ошентип, Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалында маанилүү изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Гидроэлектростанциялардын курулушуна байланыштуу чоң жумуштарды Химия институтунун жардыруу технологиялар лабораториясынын кызматкерлери аткарышкан. И.В.Выходцеванын жетекчилиги менен Чыгыш Фергана менен Батыш Тянь-Шандын жайыттарынын картасы түшүрүлгөн жана тоюттарга геоботаникалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филалынын төрагасы К.И. Скрябин 1946-жылга чейин жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгын чыгарып жатып геологиялык изилдөөлөр чоң жыйынтыктарды көрсөткөндүгүн баса белгилеп кеткен. Кенен жүргүзүлгөн геологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй ошол мезгилдерде Кыргызстан Союздук өлкөлөрдүн ичинен тоо-кен казып алуу боюнча сурьма мене сымап кенинин корунун көптүгү боюнча алдынкы орундарга чыккан.

К.И.Скрябин тарабынан тарыхчылар тарабынан да маанилүү изилдөөлөр жүргүзүлгөндүгү айтылган. 1946-жылга чейинки топтолгон жазуу жана материалдык булактардын негизинде коллективдүү төрт томдуу "Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхын" жазуу башталган, бир томдуу "Кыргыз ССРнин тарыхы" басмадан чыгарууга даярдалган жана алгачкы тарыхый-географиялык атлас иштелип чыккан. Кыргыз лингвисттери тарабынан да чоң иштер жүргүзүлгөн.Алар кыргыз тили боюнча минималдуу окуу китептерин иштеп чыгышкан жана аны кылдат изилдөө үчүн материалдарды жыйнашкан. [4, 36-37-бб.]

Согуштан кийинки жылдары 1946-1950-жж. беш жылдык пландын максаты элдик чарбаны калыбына келтирүү жана өнүктүрүү болгон. Бул багыттан алып караганда республикадагы окумуштуулар көбүрөөк химия жана геология изилдөөлөргө басым жасашкан. Эвакуацияланган окумуштуулардан эсебинен республиканын илимий кадрлары чыңдалган. Академиктер А. Бах, А. Борисяк, техника илимдеринин докторлору М. Келдыш, тарых илимдеринин доктор А. Бернштам, филология илимдеринин доктору К. Юдахин ж. б. келиши менен республиканын окумуштууларынын сапаты жогорулаган. Илимдер Академиясынын филалынын ачылышы Кыргызстандын илиминин мындан аркы өнүгүшүнө жаңы кенен мүмкүнчүлүктөрдү ачып бере алды. Түрдүү илимдин тармактарында улуттук кадрларды даярдоодо чоң салым кошту. Филал ачылган күндөн тарта эле республикадагы илимий мекемелердин борбору болду. Ошентип, согуш мезгилинде ачылган СССР Илимдери Академиясынын Кыргыз филалы майданга керектүү илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү менен бирге илимий кадрларды даярдоо, илимий изилдөөлөрдүн багытын аныктоо, улуттук маданий мурастарды топтоо жана Кыргызстандагы илимди калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча зор иштерди жүргүзгөн.

Кыргызстандын окумуштуулары бардык советтик илимпоздор сыяктуу эле, согуш мезгилинин татаал шарттарына карабастан, фронттун жана тылдын тапшырмаларын зор шыктануу менен аткарышып, душмандын үстүнөн жеңишке жетүүбүзгө өз салымындарын кошушту. СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалы түптөлгөндөн бери узак жана даңазалуу өнүгүү жо-

лун басып өтүп, ал улуттук илимге өзгөчө салым кошту. Академиянын түзүлүшү, албетте, Кыргызстандын тарыхында көп жагынан олуттуу окуя болуп, убакыттын өтүшү менен илимий күчтөрдү максаттуу түрдө топтоштуруп, илимий изилдөөлөрдүн жана жалпы Кыргызстандагы маданий иштердин өнүгүшүнө чоң салым кошту. Илимдер академиясы өлкөдөгү илимий изилдөө жана жогорку билим берүү тутуму менен көптөгөн тармактар менен байланышкан. 80 жылдан ашуун убакыттын аралыгында кыргыз эли үчүн укмуштуудай жемишин берген, өлкөбүздүн жүзүн өзгөрттү жана Кыргызстандын баардык фундаменталдык иштеринде таяныч болуп калган күчтүү, уникалдуу академиялык илимдин дарагын өстүрө алды.

**Адабияттар:**


1. Известия Киргизского филиала Академии наук СССР, вып. II-III -Фрунзе, 1945.
2. История Киргизской ССР.т.2, -Ф., 1973.
3. Каракеев К.К. Великий Октябрь и наука Киргизстана. -Ф., 1977.
4. Каракеев К.К.Академия наук Киргизской ССР. -Ф. ,1974.
5. Керимбаев С.К. Советский Киргизстан в Великой Отечественной войне 1941-1945 гг. -Ф., 1980.
6. КР УИАнын борбордук архиви. ф.5, оп. 1 д.1.
7. КР УИАнын борбордук архиви. ф.5, оп. 1 д.15.
8. Национальной акамедии наук Кыргызской Республики 50 лет/ Под редакцией Ж.Ж. Жээнбаева. НАН КР.-Бишкек: Илим, 2005.
9. Нурманбетов Б.Н. Трудящиеся города Фрунзе в годы Великой Отечественной войны. -Ф., 1990.
10. Петровец В.М.Научные исследования в Киргизии в годы Великой Отечественной войны (1941-1945 гг.). - Ф., 1969.
11. Речь президента Академия наук СССР академика В.Л. Комарова.// «Известия Киргизского филала Академия наук СССР»,вып. I, Фрунзе, 1945.


УДК: 94:329(575.2) (04)

**Орозахунова З. Ж.**
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
Тарых жана чөлкөм таануу институтунун археология, этнология, булактаануу жана тарыхнаама кафедрасынын ага окутуучусу

## СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАНДАГЫ СОҢКУ СТАЛИНИЗМ МЕЗГИЛИНДЕГИ САЯСИЙ СИСТЕМА (1945 - 1953 жж.)

**Орозахунова З. Ж.**
Кыргызский национальный университет им.Ж.Баласагына институт Истории и регионоведения старший преподаватель кафедры археологии, этнологии, источниковедения и историографии

## ПОЛИТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА В СОВЕТСКОМ КЫРГЫЗСТАНЕ В ПЕРИОД ПОЗДНЕГО СТАЛИНИЗМА (1945 - 1953 гг.)

**Z. Orozakhunova**
Kyrgyz National University named after J.Balasagyn Institute of History and Regional Studies
Senior Lecturer at the Department of Archeology, Ethnology, Source Studies and Historiography

## POLITICAL SYSTEM IN SOVIET KYRGYZSTAN DURING THE PERIOD OF LATE STALINISM (1945-1953)

Актуалдуулугу - макалада Советтик Кыргызстандын соңку сталинизм мезгилиндеги, саясий системанын катуу борборлоштуруу шартында, республикалык бийлик органдарынын